# Ош мамлекеттик университетинин
# Педагогика, искусство жана журналистика институтунун
# Окумуштуулар кеңешинин №7 протоколу

28.04.2025.

Ош шаары

Төрага- п.и.к., доцент Б.Б.Муратбаев

Катчы- окут. С.Азимова

Катышкандар: 27 (тизме тиркелет)

**Күн тартибиндеги маселелер:**

1. Сүрөт, чийүү жана эмгек, дизайн кафедраларындагы тиешелүү окуу планындагы А,Б,С блогундагы окутулуучу предметтердин иш-кагаздарынын абалы.

**Жооптуулар:** Төрага: К.Джанибаев

**Мүчөлөрү:** Г.Абдыкапар к, М.Суйунбаева.

2. Жумуш берүүчүлөр (стейкхолдерлер), мурдагы бүтүрүүчүлөр менен болгон иштердин абалы.

   **Жооптуу:** А.Джаркинбаева

3. Институттун окуу жыл ичиндеги эмгек тартибинин көзөмөлдөнүшү

   **Жооптуу**: М.Матаев.

**Угулду: 1-маселе боюнча жооптуу** М.К.Джанибаев баяндама жасады.

Сүрөт, чийүү жана эмгек, дизайн кафедраларындагы окуу планындагы А,Б,С блогундагы окутулуучу предметтердин иш-кагаздарынын абалынын комиссия мүчөлөрү менен биргеликте текшерилди. Дисциплиналардын силлабусу, баалоо каражаттарынын болушу, алардын формаларына, процедураларына анализ жана окутуу натыйжаларына жетүүнүн даражасын өлчөөгө багытталган текшерүүчү тапшырмаларды аныктоо. Ар бир дисциплинанын өзгөчөлүктөрүнө ылайык баалоо каражаттары өзүнчө түзүлөт. Институтта окутулуп жаткан дисциплиналардын БК жана алардын формалары аныкталган. Окутуунун натыйжаларына жетүүгө багытталган деңгээлдик тапшырмалар иштелип жаткандыктары аныкталды. Кафедра мүчөлөрү тарабынан 2024-2025-окуу жылына силлабустар, БКФ лар иштелип чыгып, кафедранын отурумунда талкууланып, бекитилген. Окутуучулардын силлабустары https://myedu.oshsu.kg/ сайтына жайгаштырылган. Окуу планындагы А,Б,С блогундагы окутулуучу предметтердин таблицасы бюллетенде тиркелген.

**Жарыш сөзгө чыкты:** Проф. А.Закиров. Кафедралардын иш кагаздары кафедранын отурумдарында каралганбы, протоколдору барбы? Аккредитациянын эксперттери тарабынан иш кагаздар текшерилгенби?

**К.Джанибаев:** Кафедранын отурумдарында каралып, протоколдору бар. Көз карандысыз аккредитация учурунда кафедралардын иш кагаздары текшерилип, сын-пикирлер айтылган.

**Жарыш сөзгө чыкты:** Б.Муратбаев.Кафедранын нормативдик документтерин текшерүүдө кемчилдиктерди байкадыңыздарбы?

**К.Джанибаев:** Кафедралар жакында эле көз карандысыз аккредитациядан өткөндүгүнө байланыштуу кагаз иштеринен кемчиликтерди таба алган жокпуз.

**Чечим:**

1.1. Сүрөт,чийүү жана эмгек, дизайн кафедрасына тиешелүү окуу планындагы А, В, С блокторундагы окутулуучу предметтердин иш-кагаздарынын абалы боюнча комиссиянын билдирүүсү эске алынсын;

**1.2.** Тиешелүү дисциплиналар боюнча актуалдуу жана заманбап материалдарды камтыган ОМКларды күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүнө иштеп чыгуу жагы окутуучуларга милдеттендирилсин;

**1.3.** Чечимди көзөмөлдөө жагы кафедра башчысына милдеттендирилсин.

**Угулду: 2-маселе**. Жумуш берүүчүлөр (стейкхолдерлер), мурдагы бүтүрүүчүлөр менен болгон иштердин абалы боюнча жооптуу А.Джаркинбаева баяндама жасады.

Институтта иш берүүчүлөр боюнча көптөгөн иш чаралар өткөрүлдү. Бүтүрүүчүлөрдөн мониторинг жүргүзүлүп, анкеталар алынат. Ар жыл сайын бүтүрүүчүлөр арасында анкеталоо жүргүзүлөт. Анда алардын билим деңгээли, программадагы теориялык жана практикалык даярдыктын сапаты боюнча өз ойлору менен бөлүшүшөт. Бүтүрүүчүлөрдүн жетишкендиктери аныкталып турат. Көптөгөн бүтүрүүчүлөр республикадагы жана чет өлкөлөрдөгү болгон жетишүүлөрү менен ийгиликтүү иштеп жатышат (толук маалымат бюллетенде тиркелет).

**Жарыш сөзгө чыкты:** Б.Муратбаев. Биздин институтту бүтүргөн бүтүрүүчүлөрдүн канча пайызы өз кесиби менен жумушка орношуп иштеп жатышат экен?

**А.Джаркинбаева**: Биз сурап тактаганыбызда 60% бүтүрүүчүлөр өз кесиби менен иштеп жатышат.

**Жарыш сөзгө чыкты:** Б.Муратбаев. Бүтүрүүчүлөр менен жолугушуу өткөргөндө алардын сунушун угуп, ошону менен биргеликте НББП иштелип чыкса деген сунушумду билдиремин.

**Чечим:**

**2.1**. Институттун “Бүтүрүүчүлөр жөнүндө базасы” түзүлсүн жана ал жерде так маалыматтар жазылсын;

**2.2.** Институттун ар бир кафедрасында чоң иш-чараларды өткөргөндө жумуш берүүчүлөрдү, ата-энелерди, мурдагы бүтүрүүчүлөрдү чакырып, аларды көзөмөлгө алуу кафедра башчыларына жүктөлсүн;

**2.3**. Институтта бүтүрүүчүлөргө бош жумуш орундар жөнүндө маалыматтар берилип турсун;

**2.4**. Өткөрүлгөн иш чаралар боюнча маалыматтар институттун сайтына жана Фейсбукка, Инстаграммга жүктөлсүн аны көзөмөлгө алуу жагы кафедра башчыларына жүктөлсүн.

**Угулду: 3-маселе** боюнча М.Матаев баяндама жасады. 2024-2025-окуу жылы үчүн иш план түзүлүп, бекиттирилип иш алып барылууда. Институттун ичинде жетекчи менен кол алдында иштеген кызматкерлер менен келишпестиктер боло турган болсо институттун ич ара этика комиссиясына кайрылып маселенииздерди айтсаңыздар болот. Окуу жыл ичинде аткарылган иш-чаралар бюллетенде тиркелди.

**Жарыш сөзгө чыкты**: Б.Муратбаев. 2024-2025-окуу жылында сабак калтырган мугалимдерге кандай чаралар колдонду?

**М.Матаев:** Быйылкы окуу жылында сабактарды үзгүлтүккө учураткан окутуучулар болгон жок.

**Чечим:**

**3.1.** М.Матаевдин билдирүүсү эске алынсын;

**3.2.** Институттун жыл ичиндеги эмгек тартибинин көзөмөлдөнүшү кафедра башчыларына милдеттендирилсин;

**3.3.** Эмгек тартиби боюнча институттун кызматкерлери кандайдыр бир маселе жаралса институттун этика комиссиясына жана директорго кайрылышсын.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, п.и.к., доцент: Б.Б.Муратбаев

Окумуштуулар кеңешинин катчысы, окут: С.З.Азимова